**УСЕНОВ Э.К**
lib.knu@mail.ru

# АГРАРДЫК СЕКТОРДУН ПРОБЛЕМАЛАРЫН ЧЕЧҮҮ МАСЕЛЕСИНЕ КАРАТА

Өткөн жылдары экономиканын агрардык секторунда жүргүзүлүп келинген жер жана агрардык реформанын натыйжаларына обективдүү баа берип, анын өлкөбүздүн социалдык-экономикалык шартына тийгизген таасири узакка созулуп өтө эле оорчундуу болду деп айтууга болот.

Кандай гана реформа болбосун коомдун жалпы жашоо-турмушун өзгөртөрү белгилүү. Ал сөзсүз түрдө менчик формаларынын өзгөрүшү менен коштолот жана анын ийгилиги, эң негизинен менчик мамилелеринин натыйжалуу өзгөртүлүшүнө байланыштуу болот. Менчик мамилелери, коомдогу социалдык-экономикалык мамилелердин негизи болгондуктан жаң ы системага өтүү учурунда бул мамилелердин трансформациясы жүрүп, өзү менен кошоо чарба иш-аракеттерин жүргүзүү формалары менен ыкмаларын да өзгөрөт. Республикада, менчик мамилелерине байланыштуу агрардык өзгөртүүлөр, чарба иш – аракеттерин жүргүзгөн субектилердин реалдуу шарттарына жана кызыкчылыктарына ар дайым эле туура келген эмес. Мунун негизинде айыл чарба ишканаларын рынок экономикасынын мамилелерине ылайык өзгөртүүгө кайдыгерлик мамиле жасалып, зээнсиз жүргүзүлгөн. Ал, өлкөнүн айыл чарба өндүрүшүнүн натыйжалуу өнүгүшүнө жана эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн өсүшүнө жетиштүү шарт түзө алган жок. Себеби экономиканын агрардык секторунда жүргүзүлүп келинген реформага туура эмес багыт берилген.

Биздин реформаторлор жеке менчикке негизделген жеке кызыкчылык гана экономиканы натыйжалуу өнүктүрүп, дыйканды өндүрүш каражаттарынын жана өндүрүлгөн продукциялардын чыныгы ээси кылат. Мунун натыйжасында калктын реалдуу жашоо – турмушу жогорулайт деп, чарбачылык кылууда жөнөкөй эмгек куралдарына негизделип, менчик ээсинин жеке эмгеги менен жүргүзүлүүчү натуралдык жана жарым – жартылай натуралдык чарба формасы карай өзгөртүүлөрдү жүргүзүшкөн. Алардын кылган иш-аракеттерин өз убагында А.У.Орузбаев - “Агрардык реформаны жүргүзүшкөн КМШ өлкөлөрүнүн айрым реформаторлору 1917-жылдагы Октябр революциясынан кийин буржуйлар менен курулган темир жолдорду талкалап, анын ордуна жаң ы пролетардык темир жолдорун куруу керек деген ултрореволюционерлерди элестетишкен”[1] деп туура сынга алган.

Чындыгында, кереги бар бэле мурдатан бери жылдап түзүлүп, калыптанган агро өнөр жай өндүрүшүн талкалап, тонотуунун. Болгону аларды рыноктун шартына ылайыкташтырып гана коюу керек эле. Натыйжада айыл чарбада бүгүнкүдөй көйгөйлүү маселелер болмок эмес. Буга Россия Федерациясынын айрым облустарында (Нижегород, Ростов, Орлов ж.б.) жана башка кошна өлкөлөрдө (Казахстан, Өзбекстан) жүргүзүлгөн реформалардын натыйжалары далил болууда. Алар бизден айырмаланып, реформаны “эстен таюу” жолу аркылуу эмес, акырындык менен шашпай өздөрүнүн конкреттүү шарттарына ылайыкташтырып, жүргүзүшкөн. Натыйжада агрардык өндүрүштө чарбачылык кылган субектилер рыноктун шартына акырындык менен көндүрүлүп, дыйкандын жердин чыныгы ээси болуп, өз тагдырын өзү чечип, өз алдынча иштеп кетишине жакшы шарттар түзүлүп берилген.

Реформанын ушундай жол аркылуу жүргүзүлүшү, дыйкандарга мурунку түзүлгөн материалдык базаны андан ары натыйжалуу колдонуп, өндүрүш мамилелерин жеке

[1] А.Орузбаев, Дж. Джаилов, Х.Ертазин. Углубление аграрной реформы и проблемы развития агробизнеса / Б.: 2000.-36-б.

менчиктин негизинде өзгөртүүгө жана жогорку квалификациялуу адистерди сактап калууга мүмкүн кылган.[2]

Ооба, рынок экономикасы жеке кызыкчылыгын көздөгөн ар бир менчик ээсине ар кандай алтернативалуу ишкердүүлүк иш-аракеттердин арасынан өзү каалаганын жана пайдалуусун тандап алууга жакшы шарт түзүп бериши, жана бул акыры аягында анын ийгилигин камсыз кылып, жаң ы идеяларды, товарларды жана чарба иш-аракеттерин жүргүзүүнүн жаң ы ыкмаларын жаратышы жөнүндө талаш жок. Бирок, биздин оюбуз боюнча реформаны жүргүзүү алдында, дүйнөлүк тажрыйбаларды колдонунун негизинде өзбүздүн өлкөбүздүн када-салттарын, улуттун менталлитетин, экономикабыздын реалдуу абалын эске алып, өнүгүүнүн өзүбүзгө ылайыктуу жеке экономикалык моделин иштеп чыксак туура болмок. Анткени дүйнөлүк тажрыйбалар көрсөткөндөй башка бирөөлөрдөн көчүрүлүп алынган моделдер, калктын менталитетине, үрп-адаттарына, када-салттарына туура келгенде гана натыйжа бериши мүмкүн. Мисалы, Латын Американын көпчүлүк өлкөлөрү менен АКШнын өндүрүштү уюштуруу системасынын көчүрүлүп алышы көрүнүктүү натыйжа берген эмес. Себеби ал, бул  өлкөлөрдүн формалдуу эмес институттарына дал келбей калган.  Ошо эле учурда түштүк-чыгыш Азиянын жаң ы индустриалдык өлкөлөрү менен Япониянын экономикалык тажрыйбасы, калктын менталитетине жакын болгондуктан жакшы кабыл алынып, ишке жең ил ашырылган.[3]

Реформаторлор рынок экономикасы мамилелерине өтүү учурунда мурдагы ири мамлекеттик чарбаларды кайра өзгөртүп, алардын ордуна майда товардык  чарбаларды түзүүнү – айыл чарба продукцияларын өндүрүүдө монополизмди жоюп, товар өндүрүүчүлөрдүн арасында атаандаштык шартын түзүү керектиги менен түшүндүрүшкөн. Экономика илиминин доктору, профессор Кумсков В.И. бул жөнүндө - “Азыркы учурда атаандаштык барбы жана ал кайдан болот, эгерде ишканалардын көпчүлүгү иштебей токтоп турса, анча деле  көп товар өндүрүлбөсө, ал эми базарга өздөрүнүн продукцияларын алып чыккандар аларды жогорку бааларда сатышып, даана монополиске айланышкан болсо?”[4] деп, туура белгилегени менен толук макул болсо болот.  Анткени азыркы учурда  айыл чарба өндүрүшүндө басымдуулук кылып, чарбачылык иш-аракеттерин чакан жер үлүштөрүндө жөнөкөй эмгек куралдары менен жүргүзүшкөн майда товардык дыйкан (фермер) чарбаларынын шартында атаандаштыкка жөндөмдүү продукцияларды өндүрүү мүмкүн эмес. Муну өткөн жылдардын практикасы жана дүйнөлүк тажрыйбалар деле далилдөөдө.

Андыктан менчик жана чарбачылык кылуу формаларынын өзгөртүлүшү эволюциялык мүнөзгө ээ болуп, дыйкан (фермер) чарбаларын обективдүү жана субективдүү шарттардын түзүлүшүнө карата түзүп өнүктүрүү керек эле. Ушуга байланыштуу Л.К.Полежаев «Вперед на медленных тормозах» аттуу эмгегинде “....Сибирдин коллониялаштырылышы жана Столыпиндин реформасы бекеринен кооперативке  таянган эмес. Сибир мейкиндигинде жалгыз адам, жакырланып, алдан тайып, өз алдынча жашап кете албайт. Россия Федерациясынын мейкиндиги үчүн айыл чарбаны өзгөртүүнүн бирдей системасы болушу мүмкүн эмес. Жаманбы же жакшыбы бирок, жанга жакын болуп дыйкандын денесине сиң ип калган үрп-адаттарды  жарым жылдын ичинде бир ранжирге келтирүү компонейшенасы да өзүн актабайт. Фермерчиликтин жолун эч ким тозгусу келген жок бирок, ал Екатеринанын учурундагы картошка сыяктуу кыйнап, жайылтылбай, токой өскөндөй табыгый жол менен өнүгүшү керек”[5] деп туура белгилеген.

---

[2] А.Орузбаев, Б.Кубаев Формирование и развитие агробизнеса в условиях трансформируюшейся экономики. – Б.: – 2002. – 76,77-б.

[3] Т.Койчуев, П.Койчуев, М.Койчуева Избрав путь идти прямо к цели(экономические размышления) Б.: 2002.- 6-б.

[4] В.И.Кумсков Рыночный переход в прямом и непосредственном восприятии, –Б.: КРСУ, 2006.– 58-б.

[5] Б.С. Кошелев Аграрные реформы начало и конца XX века и современные тенденции в развитии укладов в сельском хозяйстве Омского  региона. Материалы научно-практической конференции экономистов аграриев посвященных 145-летию со дня рождения П.А.Столыпина и 101-й годовщине земельный реформы 26 июля 2007г. г.Омск. 15-б.

Албетте, реформа тез арада эле натыйжа бере койбойт. АКШда жана башка өнүккөн өлкөлөрдө агро өнөр жай өндүрүшү жүздөгөн жылдарда калыптанган. Ушундай болсо да жогоруда белгилеп кеткендей Кыргызстандын агрардык секторунда жүргүзүлгөн реформанын тактикасы менен ыкмаларында олуттуу катаалар кетирилген.

Биз Кыргызстанда, айыл чарба экономикасын өнүктүрүүнүн америкалык жолун тандап алып, реформаны «эстен таюу» жолу аркылуу жүргүздүк. Натыйжада АӨКтүн мурдагы калыптанган системасы толугу менен кыйрап, ири өлчөмдөгү каржы жана башка материалдык чыгымдарга учурадык.

Шашылыш түрдө кабыл алынып, жакшы ойлонуштурулбаган кадамдардын жасалышы, жогоруда аталган көйгөйлөрдү гана жаратбастан ошондой эле малдын азайышына, асыл тукум жана үрөнчүлүк чарбаларынын жалпысынан мурдагы калыптанган агро өнөр жай өндүрүшүнүн кыйрашына алып келди. Мисалы, агрардык реформага чейин Кыргызстанда 56 ири үрөн чарбасы болуп, өлкөнүн ички керектөөлөрүн гана камсыз кылбастан, ошондой эле үрөндүн айрым түрлөрүн башка өлкөлөргө сатышкан болсо, азыр 200дөн ашпаган майда үрөн чарбалар иштеп, жада калса республиканын үрөндөргө карата 50% керектигин камсыз кылбайт[6]. Натыйжада бүгүнкү күндө айыл чарба товар өндүрүүчүлөрүнүн 40%ти гана себүү үчүн конденциаланган үрөндөрдү пайдаланышат. Өсүмдүктөр чарбасында жалпы керектелүүчү минералдык жер семирткичтердин жана өсүмдүктөрдү коргоо каражаттарынын болжол менен 30% көлөмү гана колдонулат.

Айыл чарба реформасы дыйкан эмгегинин өзгөчөлүктөрүн, кылымдар бою сакталып келе жаткан үрп-адаттарын жана када-салттарын эске албай жүргүзүлгөндүгүнүн натыйжасында дыйкандардын эмгеги бааланбай калды. Дыйкандардын коомдук эмгекке карата мамилелери нукура айылдык эмгекчилердин эмгегине окшобой такыр өзгөрдү. Алар жалданып иштеген адамдардай сезилип калды. Албетте, ушуну менен бирге агрардык сектордогу абал такыр эле начар деп айтуу да болбойт. Биздин дыйкандар рыноктун шартында жашоого үйрөнүшүп, белгилүү бир дең гээлдеги өсүү темпин камсыз кылып жатышат. Бирок, андагы терс көрүнүш катары ири товардык өндүрүштүн өз позициясынан айрылышын жана майда товардык чарбалардын позициясынын күчөшүн белгилөөгө болот. Мунун негизинде материалдык-техникалык база эскирип, өндүрүштүк инфраструктура кыйроодо. Тармактагы инновациялык процесстер басаң дап, продукциялардын сапат мүнөздөмөлөрүнө терс таасирин тийгизүүдө. Мунун натыйжасында өндүрүштүн натыйжалулугу төмөн болуп, күтүлгөн натыйжаларга жетише албай жатабыз.

Өндүрүштүн натыйжалуу иштеши, анын материалдык жана техникалык жактан жетиштүү камсыз болушуна, илимдин жана техниканын жетишкендиктерин пайдаланууга көз каранды болору белгилүү. Бул багытта жогоруда аталган жаң ы чарба формаларынын мүмкүнчүлүктөрү бирдей эмес. Бүгүнкү күндө айыл чарба өндүрүшүндө басымдуулук кылган майда товардык дыйкан (фермер) чарбаларына караганда ири айыл чарба ишканалары натыйжалуулук жагынан маанилүү артыкчылыкка ээ. Бул экономиканын мыйзам ченемдүү көрүнүшү.

Ооба, айрым окумуштуулардын мисалы, академик А.Кошановдун “өткөөл учурдун шартында бардык көйгөйлөрдү чечүү панацеясы катары менчиктин бир да формасын абсолютташтырууга болбойт”[7] деп айтканы менен макул болсо болот.

Учурдагы көп тармактуу агрардык экономиканын шартында чарбачылык кылуу формаларынын бардыгынын өз иш - аракеттерин жүргүзүүгө бирдей тең укугу бар жана жеке менчик формаларына негизделген чарбалардын иш-аракеттери таптакыр эле натыйжасыз деп четке кагып салгандан да алыспыз. Анын да бир топ артыкчылыктары бар. Мисалга айтсак жеке менчикке негизделген чакан чарбанын шартында адамдардын

[6] Акималиев Дж. академик НАН КР Иллюзии унесенные ветром // Слово Кыргызстана 2009. – 14 янв.
[7] А.Кошанов. Приватизация – проблема многогранная // Казахстан: экономика и жизнь.- 1992,33-

күнүмдүк керектөөлөрү натыйжалуу канаттандырылат. Бирок, экономиканын жаң ы мамилелеринин шартында атаандаштык күрөшкө туруштук берип, алдынкы ийгиликтерге жетишүү үчүн илимдин жана техниканын азыркы жетишкендиктерине таянып, продукцияларды аз чыгым кетирип, заманбап технологиялардын негизинде өндүрүүгө туура келет. Муну бүгүнкү күндө реформадан кийин өздөрүнүн статусун өзгөртүп кайра катталган жана жаң ы түзүлүп жаткан ири чарбалар гана аткара алышат. Себеби алардын чарбачылык иш-аракеттерди илимдин жана техниканын алдынкы жетишкендиктерине таянып, жаң ы технологиялардын негизинде жүргүзүүгө мүмкүнчүлүктөрү кенен болот. Ал эми азыркы учурда Кыргызстандын айыл чарба өндүрүшүндө жеке менчикке негизделип, өнүгүп жатышкан майда товардык дыйкан (фермер) чарбаларынын болсо азырынча мындай мүмкүнчүлүктөрү жок.

Алардын бүгүнкү күндө өнүккөн өлкөлөрдүн айыл чарба өндүрүшүндөгү фермер чарбаларынын азыркы өнүгүү деңгээлине жетишүү үчүн жүздөгөн жылдар менен эсептелинген көп убакыт талап кылынган. Мындан тышкары ал жакта бизден айырмаланып, аларга мамлекет тарабынан материалдык-техникалык жактан да жетиштүү жардам көрсөтүлүп келинет.

***Колдонулган адабияттар:***


1. Акималиев Дж. академик НАН КР Иллюзии унесенные ветром // Слово Кыргызстана 2009. – 14 янв.
2. Орузбаев А., Кубаев Б.Формирование и развитие агробизнеса в условиях трансформируюшейся экономики. – Б.: – 2002.
3. Койчуев Т., Койчуев П., Койчуева М. Избрав путь идти прямо к цели (экономические размышления) Б.: 2002.
4. Кумсков В.И. Рыночный переход в прямом и непосредственном восприятии, –Б.: КРСУ, 2006.
5. Кошанов А.. Приватизация – проблема многогранная // Казахстан: экономика и жизнь.- 1992.